КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

| | |
|---|---|
| ТалМУнун Окумуштуулар | БЕКИТЕМИН |
| Кеңешинде бекитилди | ТалМУнун ректору |
| Протокол №11 | Шаршембиев Ж.С. |
| "28" 08 2024-ж. | 28 08 2024-ж. |

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

ДАЯРДОО БАГЫТЫ: 550200 "ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ"
ПРОФИЛЬ: "МАТЕМАТИКА"

БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ДАРАЖАСЫ: БАКАЛАВР

ОКУТУУНУН НОРМАТИВДИК МӨӨНӨТҮ: 4 ЖЫЛ(5 ЖЫЛ)

ОКУТУУНУН ФОРМАСЫ: КҮНДҮЗГҮ,СЫРТТАН

ТАЛАС 2024

**МАЗМУНУ**

Колдонулган терминдер жана кыскартуулар....3
1.Жалпы жоболор....5
1.1. 550200 Физика-математикалык билим берүү багыты боюнча бакалаврды даярдоонун негизги билим берүү программасы (НББП)....5
1.2. 550200 Физика-математикалык билим берүү багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББПсын иштеп чыгуудагы нормативдик документтер....6
1.3. 550200 Физика-математикалык билим берүү багыты боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгү (мындан ары ЖКББ) НББПнын жалпы мүнөздөмөсү....7
1.4. Абитуриенттердин билим деңгээлинин даярдыгына талаптар....10
2. 550200 Физика-математикалык билим берүү багыты боюнча бакалавриат баскычындагы бүтүрүүчүнүн кесиптик мүнөздөмөсү....10
2.1.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү....10
2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектиси....10
2.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү....11
2.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери....12
3. 550200 Физика-математикалык билим берүү багытындагы 550200 “Математика” профилинин НББП аяктаганда бүтүрүүчүнүн окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ээ болуучу компетенциялары....13
3.1. НББПнын негизги компетенциялары....13
3.2. Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы....20
4. 550200 “Математика” профилинин НББПсын ишке ашыруунун мазмуну жана окуу процессин уюштуруунун регламентөөчү документтери....19
4.1. 550200 “Математика” профилинин адистерин даярдоодогу окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары....21
4.2. Адаптациялык, кесиптик -базалык, кесиптик –профилдик практикалардын окуу программалары.... 80
5. НББПсын окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо....85
5.1. ЖКББнүн НББПсын ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы....85
5.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы....86
5.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы....87

6. ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүү сапатын баалоо системасынын нормативдик-методикалык камсыздалышы........................................................................................87
6.1. Жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестация............................................87
6.2. Бүтүрүүчүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы..........................................88
Тиркемелер.........................................................................................................................89
НББПны иштеп чыккандар...............................................................................................113

**Каралып жаткан негизги билим берүү программасыдагы атоолор (терминдер), аныктамалар, белгилөөлөр жана кыскартуулар**

Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү жаатында белгиленген тартипте кабыл алынган эл аралык документтерге жана НКББПга ылайык төмөнкү атоолор жана аныктамалар пайдаланылат.

- негизги билим берүү программасы - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмуунун жана уюуштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- даярдоонун багыты – ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу жалпы даярдоо негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- профиль - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;
- компетенция – окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билим жагынан даярдоого карата алдын ала койулган социалдык талап;
- бакалавр - магистратурага кирүүгө жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- магистр - аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (PhD / профили боюнча) жана кесиптик иш менен алекттенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- кредит (зачеттук бирдик) - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- окутуунун натыйжалары - негизги билим берүү программасы/ модулу боюнча окутуунун натыйжасына ээ болгон компетенциялар;
- жалпы илимий компетенциялар - кесиптик иштин баардык түрлөрү (же көпчүлүгү) үчүн жалпы болуп саналган мүнөздөмөлөрдү билдирет;

- инструменталдык компетенция – когнитивдик жөндөмдүү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана пайдалана билүү жөндөмдөрүн камтыйт; усулдук жөндөм, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуу стратегиясын түзүү, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмү; технологиялык жөндөм, техниканы пайдалана билүүгө, компьютерди билүүгө жана маалыматтык башкарууга байланышкан жөндөмдөр; лингвистикалык жөндөмдөр, коммуникациялык компетенция;
- социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар – ой-сезимдерди жана мамилесин билдирүүгө, сын көз менен ой жүгүртүүгө жана өзүнө баа бере билүүгө байланышкан жеке сапаттар, ошондой эле социалдык өз ара байланыш жана кызматташуу процесстерине, топтор менен иштеше билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан жөндөмдөр;
- кесиптик стандарт - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсы уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык денгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр.**

Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар жана белгилөөлөр колдонулат:

**МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты;

**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;

**НББП** – негизги билим берүү программасы;

**ОМБ -** окуу-методикалык бирикме;

**НББП ДЦ** – негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;

**ECTS –** европалык кредиттерди которуу жана топтоо системасы;

ЖИК **- жалпы илимий компетенциялар;**
ИК **– инструменталдык (аспаптык) компетенциялар;**
КК **- кесиптик компетенциялар;**
СИЖМК **- социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.**

# I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1. 550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Информатика” профили боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы**

Талас мамлекеттик университетинин Табият таануу жана педагогика факультетинин **550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили** боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн (ЖКББ) негизги билим берүү программасы (НББП) Мамлекеттик билим берүү стандартынын Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башкы ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аныктаган тартипте бекитилген. (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (11-август 2023-жыл № 179), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28-декабрь 2006-жыл № 225, 31-июль 2007-жыл № 111, 31-июль 2007-жыл № 115, 20-январь 2009-жыл № 10, 17- июнь 2009-жыл № 185, 15-январь 2010-жыл № 2, 13-июнь 2011-жыл № 42, 8август 2011-жыл № 150, 29-декабрь 2011-жыл № 255, 23-август 2011-жыл № 496, 29-май 2012-жыл № 347, 30-июль 2013-жыл №176, 15-сентябрь 2015 - жыл № 1179/1, 21 - сентябрь 2021 – жыл № 1578/1).

НББП максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунду, билим берүү процессинин иш жүзүнө ашыруу технологияларын жана шарттарын, ушул багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун баалоо сапатын жана төмөнкүлөрдү өз ичине камтуу менен: окуу план, окуу курстарынын жумушчу программалары, предметтери, дисциплиналар (модулдар), студенттерди даярдоо сапатын камсыздаган жана башка материалдар, андан сырткары окуу календардык график жана тиешелеш билим берүү технологиясын ишке ашырууну камтыган методикалык материалдарды регламенттештирет. НББПын усулдук камсыздоо үчүн окуу-методикалык комплексине ылайык төмөнкү документтер иштелип чыккан:

- Окуу планы;
- Окуу дисциплиналарынын программалары, практиканын программалары жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программалары ;
- Календардык окуу графиктери;
- Компетенцияларды калыптандыруучу окуу-тарбиялык иштердин планы;
- НББП өздөштүрүүнүн ар бир этабында (учурдагы, аралык жана жыйынтык аттестациялоодо) жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруучу инновациялык баалоо каражаттары :
    - Компетенттүү-багытталган тесттер;

- Практикалык көндүмдү аныктоочу тапшырмалар;
- Портфолио.

550200. Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили НББПнын бакалавр баскычында адистерди даярдоо ТалМУнун “Табият тануу жана педагогика” факультетинин “Математика, физика жана информатика” кафедрасы тарабынан ишке ашырылат.

## 1.2. 550200. Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББП иштеп чыгуудагы нормативдик документтер

НБППнын нормативдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзүп турат:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы (№179 11-август 2023-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2004-ж. 3-февралда бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү № 53 жобосу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2011-жылдын 23-августундагы Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндөгү № 496 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-ж. 15-сентябрдагы № 1179/1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты (МЖКББ); Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-ж. 21-сентябрдагы № 1578/1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты (МЖКББ);
- Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин нормативдик-методикалык документтери;
- ТалМУнун Уставы (КР ББИМ буйругу 2131/1 23.12.2021 бекитилген)

## 1.3. Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгү (мындан ары ЖКББ) НББПнын жалпы мүнөздөмөсү

**550200** Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили боюнча жогорку билимдүү бакалаврларды даярдоо ушул ЖКББ НББП аркылуу ишке ашырылат.

**550200** Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили жогорку билимдүү бакалаврларды даярдоодо, түзүлгөн НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө «бакалавр» академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билими тууралуу диплом берилет.

**1.3.1. ЖКББ НББПнын максаты**

ЖКББ НББПнын максаты ТалМУнун миссиясынын негизинде аныкталган. ТалМУнун миссиясы: “Азыркы коомдун кесипкөй, компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерин даярдоо” жана “Окуу процессин, илимди жана окутуунун инновациялык ыкмаларын эффективдүү интеграциялоонун негизинде коомдун заманбап талаптарына жооп берген адистерди калыптандырууга” максатына негизделип, ЖКББ мамлекеттик стандартынын 3.4., 3.4.1., 3.4.2. пунктарына туура келген студенттердин жалпы илимий, инструменталдык, социалдык-инсандык жана жалпы маданий, кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган.

Бул миссияга ылайык 550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профилинде “бакалавр” академиялык баскычындагы адистерди даярдоодо төмөнкү максаттар аныкталган:

**Программанын максаттары**

**550200** Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили боюнча бакалаврларды даярдоодогу негизги билим берүү программасынын максаттары

ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында даярдоонун **550200** Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили боюнча төмөнкүдөй максаттарды коёт:

**1-максат:** Жогорку кесиптик (бакалавр) билим берүүдө универсалдык, кесиптик жана адистик компетенцияларга ээ болгон студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын, адептик жана маданий баалуулуктарын калыптандыруу; бүтүрүүчүлөрдө жалпы билим берүү дисциплиналарын, гуманитардык, социалдык. экономикалык, математикалык жана табигый-илимий билимдерди окутуунун натыйжасында логикалык, критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, англис тилиндеги маалыматтарды колдоно алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон интеллектуалдуу, ата мекенди сүйгөн патриот, педагогикалык ишмердүүлүккө кызыккан инсанды тарбиялоо.

**2-максат**: Бүтүрүүчүнүн инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө нарктуу баалуулуктарды баалоого, патриоттулукка, гумандуулукка, улут аралык достукка жана толеранттуулукка

тарбиялоо; жоопкерчиликтүү, атаандаштыкка жөндөмдүү; маданияттуу, сергек жашоо образына, психикалык жана физикалык ден соолугу чың болууга жана өзүн-өзү өстүрүүгө үйрөтүү.

**3-максат:**. Кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндө негизги билим берүү программасынын максаты бүтүрүүчүлөргө өз алдынча жана командада иштей ала турган, кесипкөй, өз ишинин нормаларын так билген, коомдук баалуулуктарды баалай билген жоопкерчиликтүү, сабаттуу, иш билги адисти даярдоо. Бүтүрүүчүлөрдү билим берүү, социалдык жана илимий чөйрөдө өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүүнүн траекториясын ишке ашырууга даярдоо.

**550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын "Математика" профили боюнча бакалаврларды даярдоонун милдеттери (М).**

М-1. Коомдун жана өлкөнүн жогорку билимдүү, илимге таянган, дүйнөнүн алдыңкы университеттери жана илимий мекемелери менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барган квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларга болгон муктаждыктарын канааттандыруу;

М-2. 550200 Физика-математикалык билим берүү багытындагы «Математика» профили боюнча атаандыштыкка жөндөмдүү бакалаврларды даярдоо;

М-3. Окутуунун формаларын жана ыкмаларын өркүндөтүү, инновациялык технологияларды, УМО принциптерин киргизүү, окуу пландарын жана билим берүү программаларын эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү аркылуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо;

М-4. 550200 Физика-математикалык билим берүү багыты боюнча бакалаврларды даярдоонун сапатын тынымсыз жогорулатуу, заманбап мектеп, педагогикалык илим, техника, маданият талаптарын жана алардын келечегин эске алуу менен «Математика» даярдоо профилин өнүктүрүү;

М-5. Билим берүү, маданият жана тарбиялоо маселелерине багытталган колдонмо илимий изилдөөлөрдү, окуу-педагогикалык эксперименттерди уюштуруу жана өткөрүү, педагогикалык илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын билим берүү мекемелерине жайылтуу.

НББПнын күтүлүүчү натыйжалары азыркы коомдун кесипкөй, компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерин даярдоого негизделип, келечектеги информатика мугалимдери ээ болуучу кесиптик компетенцияларга маани берилген. Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын аныктоодо иш берүүчүлөр тарабынан эмгек рыногунун талаптары эске алынып, кафедранын профессордук –окутуучулар курамынын катышуусу менен иштелип чыккан.

**Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары:**

ОН-1 Гуманитардык, илимий-табигый, экономикалык дисциплинар боюнча базалык билимдерин кесиптик ишдмерүүлүгүндө колдоно алат.

ОН-2 Коомдук байланыш деңгээлинде мамлекеттик жана расмий тилдерде өз оюн негиздүү жана так айта алат жана уюштуруу жана башкаруучулук баарлашууну ишке ашыра алат.

ОН-3 Кесиптик ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын талдай алат жана алган билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө рационалдуу колдоно алат; адеп, кесиптик-адеп принциптерин пайдаланат.

ОН-4 Инсанга багытталган билим берүүнүн принциптерине ылайык окуу процесси үчүн оптималдуу шарттарды калыптандыруу менен (саламаттыкты сактоо, маданий көп түрдүүлүк ж.б.).окуучулардын ар кандай курактык топтору үчүн, билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринде жана профилдеринде жана ар кандай типтеги окуу жайларында окутуунун окуу процессин уюштура алат.

ОН-5 Кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерин аткарууга байланышкан маселелерди сын жана конструктивдүү талдоого жана чечүүгө жөндөмдүү.

ОН-6 Кесиптик ишмердүүлүгүндө методикалык маселелерди чечүүнүн ыкмаларына (окутуунун методикасы, технологиялары жана ыкмалары, баалоо технологиясы) жана илимий-изилдөөнүн методдоруна ээ;

ОН-7 Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо өзүн-өзү баалоону, баалоонун критерийлерин колдонот, мониторинг жүргүзүп, ишмердүүлүктү пландаштырат.

ОН-8 Кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүү траекториясын ишке ашырууга жана кесиптик карьералык өсүп - өнүгүүгө жөндөмдүү.

ОН-9 Физика-математикалык билим берүү тармагында жаңы методдорду жана технологияларды колдонуу жана өнүктүрүү боюнча илимий-изилдөө маселелерин чечүүгө активдүү катышат жана илимий адабияттарды талдоону билет.

**ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү**

**550200** Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профилинин бакалавр баскычында ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

- күндүзгү окуу формасы үчүн 4 жыл;
- сырттан (дистанттык) окуу формасы үчүн 5 жыл.

**550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика”**

**профилинин бакалавр баскычында ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн окуу жүктөмү**

НББП өздөштүрүүнүн көлөмү окуу мөөнөтүнүн бардык мезгили ичинде ЖКББ Мамлекеттик стандарты боюнча 240 кредитти түзөт, окуу жылында эмгек сыйымдуулугу 60 тан кем эмес кредит, ар бир окуу семестринде 30 дан кем эмес кредитти түзөт, ал өз ичине бардык аудиториялык сааттарды, студенттин өз алдынча иштерин, практика жана НББП өздөштүрүүсүн текшерүүгө берилген убакытты камтыйт.

№1-таблица. НББП өздөштүрүү көлөмү, мөөнөтү жана квалификациясы

| НББП аталышы | Квалификация | | НББПны өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү | Эмгек көлөмү (кредит саат) |
|---|---|---|---|---|
| | Квалификациянын коду | аталышы | | |
| НББП бакалавриат | 550200 | бакалавр | 4 жыл, 5 жыл | 240 |

### 1.4. Абитуриенттердин билим деңгээлинин даярдыгына талаптар

Жалпы республикалык тестирлөөдөн алган баллдын коюлган чекке жетүүсү (жалпы-110 балл, предметтик-60 балл);

Мамлекеттик үлгүдөгү орто же орто кесиптик (жогорку) билими тууралуу документтин болушу;

Психологиялык абалынын, ден-соолугунун билим алууга мүмкүндүк берүүсү;

Адистикти өз каалоосу менен тандоосу, тандаган адистиги жөнүндө түшүнүгү, максаттуу аракети болуусу шарт.

## 2. 550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили боюнча бакалавр баскычындагы бүтүрүүчүнүн кесиптик мүнөздөмөсү

550200. Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили боюнча бакалаврдын кесиптик ишмердигинин мүнөздөмөсү ЖКББ Мамлекеттик стандартында белгиленген.

### 2.1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү

550200. Физика-математикалык билим берүү багытынын “Математика” профили боюнча (бакалавр) бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

- республиканын жалпы орто билим берүү мекемелери

(мектептер, гимназиялар, лицейлер), башталгыч жана орто кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү;

- илим изилдөө борборлору;
- коомдук уюмдар.

Окууну ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр магистратура жана докторантурада билимдерин өркүндөтүшүп, диссертацияларын жактоо менен даражага ээ болушат.

**2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилери**

550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын "Математика" профилинде бакалавр академиялык даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөрдүн ишмердик объектилери - билим берүү системасы, коомдук уюмдар, мамлекеттик структуралар, илим изилдөө мекемелери. Иш берүүчүнүн талабы боюнча негизги объекттери - билим берүү чөйрөсү жана билим алуучулардын ишмердүүлүгү.

**2.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү**

550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын "Математика" профили боюнча бакалавр төмөндөгүдөй кесиптик ишмердигинин түрлөрүнө даяр болот:

- педагогикалык;
- уюштуруу-башкаруучулук;
- окуу процессин уюштуруу жана башкаруу;
- аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк.

Кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүн кызыкдар иш берүүчүлөр менен биргеликте университет тарабынан иштелип чыккан алардын билим берүү программасынын мазмуну аныктоого тийиш.

Иш берүүчүнүн талабы боюнча негизги ишмердүүлүктүн түрлөрү төмөнкүлөр саналат:

- методикалык (математика курсунун негиздерин тереңдетип окутуу: математиканын жалпы курсу, алгебра, геометрия, математикалык анализ, дифференциалдык теңдемелер, математиканы окутуунун методикасы, математикалык маселелерди чыгарууга такшалтуу, окутуудагы заманбап технологиялар, математикалык физиканын теңдемелери, элементардык математика, математикалык логика жана алгоритмдер теориясы, сандык методдор, ыктымалдыктар теориясы жана математикалык статистика, сандар теориясы, интегралдык тендемелер, мектеп математика курсундагы олимпиадалык маселелер, математиканы окутуунун методикасынын заманбап маселелери илимий-изилдөөчүлүк (студенттердин чыгармачылык иштери).

**2.4. Бакалаврдын кесиптик ишмердигинин милдеттери:**

550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын 550200 "Математика" профили

боюнча бакалавр адиси өзүнүн кесиптик милдеттерине ылайык төмөндөгүдөй маселелерди чечүүгө тийиш.

**Педагог катары билим берүү процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү, интерпретациялоо ишмердүүлүгү:**

- курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдердин системаларын колдонуу, маданий көп түрдүүлүктүн ар кандай көз караштарын кабыл алуу, туруктуу өнүгүү концепциясын билүү жана түшүнүү.
- заманбап, илимий жактан негизделген окутуунун технологияларын окуучулардын муктаждыктарына, жетишкендиктерин ылайык окуу процессин пландаштыруу жана пайдалануу;
- окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн ар кандай инструменттерди жана критерийлерди колдонуу (реферат, баяндама тезис, эссе, портфолио ж.б.);
- изилдөөнүн планын иштеп чыгууга жана коррекциялоого, берилгендердин жыйналгандарын анализдөөгө жана интерпретациялоого жөндөмдүү, прикладдык (колдонмо) илимий изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү ишке ашыруу (жетекчилик астында)
- математикалык илимдер боюнча билим берүү программаларын, аларга дидактикалык материалдарды өз алдынча тандоо жана аларды адаптациялашкандан соң, окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонуу;
- инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий ар түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) багытталган билим берүү жараяны үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;
- окуучулардын ишмердүүлүгүн баалоо жана мониторинг, пландаштыруу;
- көп маданияттуу коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу укуктук жана этикалык нормаларды кармануу жана маданий айырмачылыктарына карабай, бардык окуучуларга бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүү;
- студенттердин кесиптик өзүн өзү аныктоосу жана социалаштыруусу үчүн шарттарды түзүү, аларды кесипти аң-сезимдүү тандоого даярдоо;
- Окуучулардын өнүгүүсү жана окуусу үчүн коопсуз (психологиялык, социалдык жана денелик) билим берүүчү чөйрөнү түзүүгө, ар түрдүү курактагы окуучуларда дене соо жашоо образын, көндүмдөрүн, жаратылышты коргоо, энергияны сактоо жаратылыш байлыктарын рационалдуу пайдалануу жана климаттын өзгөрүүсүнө (адаптациялануу) көнүктүрүү;

- окуу планына ылайык, программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предмет боюнча сабакты пландаштыруу жана өткөрүү;
- окуучулардын рефлексия, өзүн өзү баалоо жана өзүн өзү өнүктүрүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.

**Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүк:**

- Кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда нормативдик-укуктук билимдерди колдонуу жана этикалык принциптерди сактоо.
- Билим берүү процессинде студенттердин ден соолугун жана өмүрүнүн коопсуздугун сактоо үчүн шарттарды түзүү, кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда туруктуу өнүгүү принцибин сактоо.
- Кесиптик ишмердүүлүктү көйгөйлөрдү чечүү үчүн коомдук жана билим берүү уюмдары, бала бакчалар жана ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу.
- Педагогикалык процесстин бардык субъектерин позитивдүү жана конструктивдүү инсандар аралык мамилелерин уюштуруу.

**Кесиптик жактан өнүгүү:**

- Ишмердүүлүктүн кесиптик рефлексиясын өркүндөтүү.
- Жүргүзүлгөн профессионалдык рефлексиянын негизинде өзүн-өзү өнүктүрүү багытында милдеттерди коюу.
- Кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүү, келечекте билим берүү траекториясын ишке ашыруу жана кесиптик  карьералык өсүп - өнүгүү.

## 3. 550200 Физика-математикалык билим берүү багытындагы 550200 “Математика” профилинин НББП аяктаганда бүтүрүүчүнүн окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ээ болуучу компетенциялары

Даярдоонун **550200 Физика-математикалык билим берүү багытындагы 550200 «Математика»** профили боюнча бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана ушул ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандарттынын 3.4 жана 3.8- пункуттарында көрсөтүлгөн  кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөндөгү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) универсалдык:**

**- жалпы илимий (ЖИК):**

**1-ЖИК.** Айлана чөйрөдө илимий билимдерин колдонуп кескин баа берүүгө жашоонун, маданияттын баалуулуктарына багыттап, активдүү жарандык көз карашка ээ болуп, адамдарга сыйлоо жана сабырдуулук менен мамиле кылууга жөндөмдүү;

**- инструменталдык (ИК):**

**1-ИК. -** Окуусу же иши боюнча мамлекеттик, расмий жана чет элдик бир тилде ишкердик байланыш жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**2-ИК .-** Окуусу же иши боюнча татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана пайдаланууга жөндөмдүү;

**3-ИК. -** Кесиптик ишмердүүлүгүндө ишкердик билими менен ыкмаларды колдонууга жөндөмдүү;

**- социалдык-жеке жана жалпы маданий (СИЖМК)**

**1- СИЖМК.** Кесиптик ишкердүүлүктө айрым адамдардын же топтордун максатына жетишин камсыздоого жөндөмдүү;

**б) кесиптик (КК):**

**1-КК.**-психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү кесиптик милдеттерди чечүүдө колдонууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга жөндөмдүү;

**2-КК.-** методикалык проблемаларды (моделдер, методдор, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) чечүүнүн ыкмаларына ээ жана окутуунун сапатын баалоонун технологияларын колдонууга жөндөмдүү;

**3-КК. -** инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий ар түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.)багытталган билим берүү жараяны үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;

**4-КК. -** окуучуларды социалдаштыруунун ыкмаларын жана жолдорун, техникасын, методикасын билет жана алардын адистикти туура тандоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү;

**5-КК.** - билим берүү программаларын, аларга дидактикалык материалдарды өз алдынча тандай алат жана аларды адаптациялашкандан соң, окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдоно билет;

**6-КК**. - окуу планына ылайык, программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предмет боюнча сабакты пландаштырууга жөндөмдүү;

**7-ПК.** - жүргүзүлгөн профессионалдык рефлексиянын негизинде өзүн-өзү өнүктүрүү багытында милдеттерди коё билет;

**8-КК.** - окутуунун интерактивдүү методдорун жана формаларын колдонуу менен, педагогикалык ишмердигин жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**9-КК.** - окуучулардын ар кандай тармактардагы (акыл эс, социалдык, алеп- ахлактык ж.б.) өнүгүүсүнүн деңгээлин айырмалайт жана ар кандай терс таасирлерди – зомбулукту, баңги,

алкоголь ж.б. жеңүүнүн үстүндө иш алып барууга жөндөмдүү;

**10-КК.** - окуу-тарбия процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн окуучулардын жетишкендиктерин диагностикалоонун заманбап ыкмаларын жана технологияларын, методдорун колдонууга даяр;

**11-КК.** - ата-энелер, кесиптештер, социалдык өнөктөштөр менен баарлашууга даяр;

**12-КК.** - балдардын жаш жана жеке өзгөчөлүктөрүн жана өзгөчө билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен алар менен баарлашууга даяр;

**13-КК**. - ар кандай жолдор менен окуучулардын окуу жана социалдык жетишкендиктерин баалай алат;

**14-КК.** - окуучулар менен жемиштүү кайтарым байланышта боло алат;

**15-ПК.** - окуучулардын реалдуу тажрыйбаларын өздөштүрүүсүнө көмөктөшөт жана аларды ой жүгүртүүгө, талдоо жүргүзүүгө үйрөтөт;

**16-КК.** - социалдык жана кесиптик милдеттерди чечүүдө гуманитардык, социалдык жана экономикалык илимдер боюнча алган системалуу теориялык жана практикалык билимдерин колдонууга жөндөмдүү;

**17-КК.** - ар түрдүү маалымат булактарын (окуу китептери, журналдар, массалык маалымат каражаттары, интернет булактары) рационалдуу пайдалануу менен окуучуларды теманын үстүндө өз алдынча иштөөгө үйрөтө алат;

**18-КК.** – окуу жагынан кыйындыкка дуушар болгон окуучуларды интегралдаштырат (өзгөчө билим берүү муктаждыктарына ээ балдар);

**19-КК. -** жеке жана өз алдынча билим алуунун ар кандай түрлөрүн пайдануу менен окуучулардын ар тараптуу ишмердүүлүгү үчүн шарттарды түзө алат;

**20-КК.** - окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн ар кандай платформаларды жана критерийлерди колдоно алат.

Профиль 5 пунктан ашпаган өлчөмдө кошумча атайын кесиптик компетенцияларын ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныктай алат. Профилдердин тизмеси ОМБ тарабынан бекитилет.

### а) ЖОЖ тарабынан аныкталган кошумча компетенциялары

- социалдык жана инсандык сапаттарды өздөштүрөт, мисалы: өз алдынчалуулук, шыктануу, туруктуулук, тактык, тартиптүүлүк, ой жүгүртүү техникасы ж.б. (КК-1);
- педагогикалык мотивацияга ээ боло алат (КК-2);
- мектептин математика курсуна толук ээ (КК-3);
- предмет аралык байланыштарды түзө алат (КК-4).

Жогорудагы компетенциялардын негизинде 550200 Физика-математикалык билим берүү багытынын “Информатика” профили боюнча билим берүү программасынын компетенттүүлүк матрицасы түзүлдү.

**550200 “Физика-математикалык билим берүү”** багыты боюнча жогорку билим берүү программасынын күтүлүүчү натыйжалары:

НББПнын КНлары студенттин билимдерин, билгичтиктерин жана инсандык сапаттарын, кесиптик ишмердүүлүк маселелерин чечүүдө колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрү аркылуу аныкталат. НББПнын ОНларында бүтүрүүчүдө тиешелүү компетенциялардын калыптанышын камсыз болушу талап кылынат.

**Окутуунун натыйжалары менен компетенциялардын дал келүүчүлүк таблицасы**

Универсалдык – Жалпы илимий (ЖИК)

| Окутуунун натыйжалары | Калыптандырылуучу компетенциялар | ЖКББ стандартына туура келет |
|---|---|---|
| ОН-1 | Айлана чөйрөдө илимий билимдерин колдонуп кескин баа берүүгө жашоонун, маданияттын баалуулуктарына багыттап, активдүү жарандык көз карашка ээ болуп, адамдарга сыйлоо жана сабырдуулук менен мамиле кылууга жөндөмдүү; | ЖИК-1 |
| ОН-2 | Билим берүү процессин окутуунун заманбап, илимий – негизделген технологиялары боюнча окуучулардын талаптарына, жетишкендиктерине ылайык ишке ашырууга жана пландаштырууга жөндөмдүү (жетектөө астында) | ЖИК-2 |
| ОН-5 | Математикалык табигый социалдык гуманитардык илимдердин базалык жоболорун пайдалануу менен окуу жетишкендиктерин баалоого жана мониторинг өткөрүүгө, билим берүүнүн натыйжаларын прогноздоого жөндөмдүү | ЖИК-3 |
| ОН-2 | (жетекчилик астында) изилдөөнүн планын иштеп чыгууга жана коррекциялоого, берилгендердин жыйналгандарын анализдөөгө жана интерпретациялоого жөндөмдүү, прикладдык (колдонмо) илимий изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү ишке ашырууга даяр | ЖИК-4 |

| | | |
|---|---|---|
| ОН-4 | Маалыматты кабыл алууга, жалпылоого жана анализдөөгө, максатты коюга жана ага жетүүнүн жолдорун тандоого жөндөмдүү | ЖИК-5 |
| ОН-9 | Такай билим берүүгө жана өнүгүүгө даяр | ЖИК-6 |

Инструменталдык менен (ИК)

| | | |
|---|---|---|
| ОН-4 | Компьютерлер менен иштөөнүн көндүмдөрүнө алуунун, сактоонун жана кайра иштетүүнүн негизги методдоруна, жолдоруна жана каражаттарына ээ | ИК-1 |
| ОН-1 | Өзүнүн оозеки жана жазуу жүзүндөгү кебин мамлекеттик жана официалдуу тилдерде логикалык жактан айкын, туура, аргументүү түзүүгө жөндөмдүү | ИК-2 |

**Социалдык – инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК);**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-9 | Мектеп уюмунун (коомунун) деңгээлинде толеранттуу личносттор аралык жана кесиптик мамилелерди түзө билет | СИЖМК-1 |
| ОН-9<br>ОН-6<br>ОН-3 | Мамилелерди жөнгө салуучу көп кырдуу (поликультурный) маданияттуу коомдо этикалык жана укуктук норма боюнча иштейт көп кырдуу маданий чөйрөдө аракеттенүүгө жөндөмдүү, көп кырдуу окутуунун жана тарбиялоонун принциптерин жана методдорун ишке ашырууга, окуучулар үчүн алардын маданий айырмаларынан көз карандысыз мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүүгө жөндөмдүү | СИЖМК-2 |
| ОН-8 | Окуучулардын өнүгүүсү жана окуусу үчүн коопсуз (психологиялык, социалдык жана денелик) билим берүүчү чөйрөнү түзүүгө, ар түрдүү курактагы окуучуларда дене соо жашоо образын, көндүмдөрүн, жаратылышты коргоо, энергияны сактоо жаратылыш байлыктарын рационалдуу пайдалануу жана климаттын өзгөрүүсүнө (адаптацияланууу) көнүүгө жөндөмдүү | СИЖМК-3 |
| ОН-6 | - Өзүнүн жакшы жактарын жана кемчиликтерин сын көз караш менен баалай билет, жакшы жактарын | СИЖМК-4 |

| | | |
|---|---|---|
| | өнүктүрүүнүн жана кемчиликтерин жоюунун жолдорун белгилеп жана тандоого жөндөмдүү | |
| ОН-9 | - Граждандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалогго даяр жана активдүү граждандык позицияны ээлөөгө жөндөмдүү | СИЖМК-5 |

**Кесиптик компетенция (КК)**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-9 | Кесиптик тапшырмаларды (маселелер) чечүү үчүн психологдук – педагогикалык компотенттүүлүктү пайдаланууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүгүнө педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдаланууга жөндөмдүү | КК-1 |
| ОН-2<br>ОН-8 | Методикалык проблемаларды чечүүнүн жолдорун билет (окутуунун милдеттерин, методдорун, технологиясын жана ыктарын) жана окутуунун сапатын баалоонун технологиясын колдонууга жөндөмдүү | КК-2 |
| ОН-7 | Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүнүн жана личносттук багыт берүүнүн принциптерине ылайык билим берүү процесси үчүн оптималдуу шарттарды калыптандырууга жөндөмдүү (дени соо жашоо образы, жаратылышты коргоо жана жаратылыш байлыктарын рационалдуу пайдалануу, энергиялык эффективдүүлүк, маданий ар түрдүүлүк, гендер, инклюзия) ж.б | КК-3 |
| ОН-7 | Окуучуларды социализациялоонун жолдорун, техникасын, методикасын жана приемдорун билет жана окуучулардын кесиптик жактан өз тагдырын өздөрү чечүүсү үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү | КК-4 |
| ОН-2 | Билим берүү программаларын өз алдынча тандоону аларга дидактикалык материалдарды жеткизе билет, жана аларды педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде көнүккөндөн кийин (адаптация) пайдалана билет | КК-5 |

| | | |
|---|---|---|
| ОН-2 | Темалардын спецификасын жана программанын бөлүктөрүн эске алуу менен окуу планына ылайыктуу предметтер боюнча окуу сабактарын пландаштырууну билет ; | КК-6 |
| ОН-9 | Өткөрүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде өзүнүн өнүгүүсү боюнча тапшырмаларды коюуну (берүүнү) билет ; | КК-7 |
| ОН-3 | - Окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуу менен педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашырууга жөндөмдүү предметке жана тилге интеграцияланган методду колдонууга жөндөмдүү; | КК-8 |
| ОН-4 | Окуу – тарбиялоо процессинин сапатын камсыздоо үчүн окуучулардын жетишкендиктерин диагностикалоонун методдорун, технологияларын жана заманбап методикаларды колдонууга даяр; | КК-10 |
| ОН-9 | Ата – энелер, кесиптештер, социалдык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүгө даяр; | КК-11 |
| ОН-9 | Окуучулар менен, алардын курак жаш жана жекече өзгөчөлүктөрүн жана өзгөчө билим берүү талаптарын эске алып өз ара аракеттенүүнү билет; | КК-12 |
| ОН-7 | Түрдүү жолдор менен окуучулардын окуудагы жана социалдык жетишкендиктерин сыйлап, демилге берип, кызыктыра билет; | КК-13 |
| ОН-5 | Окуучуларга өз күчү менен реалдуу тажрыйбага ээ болуусуна мүмкүнчүлүк берип, рефлекстөөгө жана анализдөөгө үйрөтөт; | КК-15 |
| ОН-6 | Ар түрдүү тармактарда өнүгүү деңгээлин диагностикалай алат (эс – акылдын, социалдык, моралдык ж.б.у.с.) жана ушуга жараша түрдүү жагымсыз таасирлердин (зордук – зомбулуктан, наркотиктерден, алкоголдон ж.б.у.с.) алдын ала сактайт; | КК-16 |
| ОН-4 | Окуучуларды теманын үстүндө өз алдынча, түрдүү маалымат булактарын пайдалануу менен | КК-17 |

| | | |
|---|---|---|
| | рационалдуу пайдаланууга үйрөтөт (китептер, журналдар, массалык маалымат каражаттары, интернет ресурстары); | |
| ОН-3 | Окуучунун көп кырдуу ишмердүүлүгү үчүн шарттарды түзүүгө, окуунун ар түрдүү көрүнүштөгү жекече жана өз алдынча формаларын жүзөгө ашырууга жөндөмдүү; | КК-19 |
| ОН-5 | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун түрдүү инструменттерин жана критерийлерин пайдаланат ; | КК-20 |

### 3.3. Күтүлүүчү натыйжалардын максаттарга дал келүүчүлүк матрицасы

**Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы:**

| **Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары** | **1-аксат** | **2 -максат** | **3-максат** |
|---|---|---|---|
| **ОН - 1** | + | | |
| **ОН - 2** | + | + | |
| **ОН - 3** | + | + | |
| **ОН - 4** | | + | |
| **ОН - 5** | | + | + |
| **ОН - 6** | | | + |
| **ОН- 7** | | | + |
| **ОН- 8** | | | + |
| **ОН - 9** | | | + |

Күтүлүүчү натыйжаларды иштеп чыгууда иштеп чыгуучулар тарабынан профессор-окутуучулардын, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, жумуш берүүчүлөрдүн эмгек рыногунун жана мамлекеттин, сырткы стейкхолдерлердин сунуш, талаптары эске алынды.

## 4. 550200 “Математика” профилинин НББПсын ишке ашыруунун мазмуну жана окуу процессин уюштуруунун регламентөөчү документтери

4.1. Календардык окуу графиги (Тиркеме 2)

4.2. Бакалаврды даярдоонун окуу планы (Тиркеме 3)

Окуу планына кирген өзгөртүүлөр

1. КР ББИМ 27.11.2017 ж. №1455/1 буйругунун негизинде КР ББИМ 15.09. 2015 ж. №1179/1 буйругу,
2. КР ББИМ 26.06.2020 ж. №498/1 буйругунун негизинде КР ББИМ 15.09. 2015 ж. №1179/1 буйругу,
3. КР ББИМ 15.0.2019 ж. №567/1 буйругунун негизинде КР ББИМ 21.09. 2021 ж. №1578/1 буйругу (Тиркеме 4)

**4.1. 550200 "Математика" профилинин адистерин даярдоодогу окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары.**

**550200 Физика – математикалык билим берүү багытынын «Математика» профили боюнча дисциплиндердин аннотациялары**

**Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл**

**Б.1.1. Кыргыз тили жана адабияты**

**Дисциплинанын максаты:** Кеп ишмердүүлүгүн (сүйлөө, жазуу, окуу, угуу) мамлекеттик тилдин талаптарына ылайык жүргүзүүгө машыктыруу; аталган дицсиплинадан алган билим, көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктөрүндө туура пайдаланууга көнүктүрүү; кыргыз элинин маданий баалуулуктары менен тааныштыруу жана түшүнүктөрүн тереңдетүү; мекенди сүйүүгө, эли-жерин сыйлоого чакыруу. Кыргыз адабияты бөлүмүндө кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы, ырчылар чыгармачылыгы, XX кылымдагы кыргыз профессионал адабиятынын өсүп- өнүгүүсү боюнча жалпы обзор берип, чыгармачылыгы менен өзгөчө таасир эткен акынжазуучулардын адабий бейнесине кыскача токтолуу менен, кыргыз адабиятынын тарыхында өзгөчө орду бар, адабий процессти аныктаган чыгармалар тууралуу илимийтеориялык маалыматтарды алышат. Өтүлгөн чыгармалардын өзгөчөлүктөрүн, жаңычыл жактарын, сюжеттик жана тилдик бөтөнчөлүктөрүн көркөм тексттен үзүндүлөрдү келтирүү менен түшүнүшөт.

**Дисциплинанын мазмуну:** Программа боюнча кыргыз тилинин фонетика, орфоэпия, орфография, лексика, морфология, синтаксис, стилистика, иш кагаздары, байланыштуу кеп, кеп маданияты бөлүмдөрүнөн тандалып алынган темалар тыгыз байланышта өтүлөт. Көркөм чыгарманын мазмунуна, сюжеттик, композициялык түзүлүшүнө, катышкан каармандардын иш аракеттерине, образдар системасына, негизги идеялык-тематикалык маанисине басым коюу. Кыргыз кыргыз адабиятындагы элдик оозеки чыгармачылык, акындар чыгармачылыгы, XX кылымдагы адабият тууралуу кеңири маалыматтар берүү. Кыргыз адабиятындагы акын-жазуучулардын өмүрү чыгармачылыгы, алардын чыгармаларындагы достук, тынчтык, сүйүү, адамгерчилик патриоттук ж.б. идеяларды

талкуулоо. Сюжетти окуу менен бирге андагы каармандарга талдоо жүргүзүү, кээ бир окуяларга талкуулар жаратуу.

**Дисциплинанын милдеттери:** Студенттердин кыргыз тилинин практикалык курсу боюнча билимдерин терендетүү; негизги лингвистикалык жана лингвоөлкө таануу материалдарын өздөштүрүү; студенттердин кесиптик ишмердүүлүктөрүндө дисциплина боюнча алган билим, билгичтик жана көндүмдөрүн пайдаланууга калыптандыруу. Кыргыз адабиятындагы проблемаларды, тенденцияларды жалпы дүйнөлүк адабияттын масштабындагы жана кыргыз, боордош элдер адабиятындагы айрым чыгармалар менен салыштыруу; - көркөм адабияттын идеялык-тематикалык, эстетикалык тажрыйбасын теориялык жактан жалпылап, адабий процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн түшүндүрүү; - өтүлүүчү чыгармалардын кыргыз адабият таануу илиминдеги ийгилик, кемчиликтерин мисалга тартып талдоого алуу; - көркөм адабияттагы мазмун, форма, тема, идея, образдарга талдоо жана аларга мүнөздөмө берүүнү үйрөтүү.

**Дисциплинанын орду:** Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген (2015-жылдын 15-сентябры, №1179/1) жогорку окуу жайларынын 550200 филологиялык билим берүү (профили: кыргыз тили жана адабияты) багыты боюнча кесиптик билим берүүнүн бакалаврды даярдоо мамлекеттик стандартында, окуу пландарында гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдын базалык бөлүгүндө Б.1.1 коду менен жайгашкан.

**Пререквизиттер:** Окуп-үйрөнүлүп жаткан дисциплинаны өздөштүрүүдө кыргыз тили боюнча зарыл болгон билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү камтыган дисциплиналар тизмегинен турат. Кыргыз кыргыз адабиятындагы элдик оозеки чыгармачылык, акындар чыгармачылыгы, XX кылымдагы адабият тууралуу кеңири маалыматтар берилет. Кыргыз адабияты, биздин адабият предметтеринен маалыматтар алышат.

**Постреквизиттер:** Тил боюнча дисциплиналар тизмегин окуп-үйрөнүү үчүн белгилүү бир дисциплинаны окуп-үйрөнүүдө ээ болгон билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр талап кылынат: адабият, тарых, маданият таануу, орус тили, аймак таануу, өлкө таануу. Кыргыз адабиятынын тарыхы, кыргыз адабиятынын практикуму, адабият таанууга киришүү, адабий сын, XIX кылымга чейинки кыргыз адабияты, кыргыз фольклорунун жана маданиятынын тарыхы илимдери менен байланышат.

**Курстун аягында күтүлүүчү натыйжалар:** студенттин сөздүк кору байыйт; оюн мамлекеттик тилде кептин бардык формаларында жана стилдеринде, адабий тилдин нормасында айта жана жаза алат; иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзө алат; улуттук дөөлөттөр жөнүндө маалыматтарга ээ болот жана аларды урматтоо, барктоо сезимдери калыптанат; Кыргыз адабияты жөнүндө түшүнүккө ээ болот. Чыгармаларды талдоонун чен

өлчөмдөрүн түшүнө алат. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык тууралуу тиешелүү маалыматка ээ болот. Кыргыз фольклору жанрдык жактанлирикалык, дидактикалык, эпикалык болуп бөлүнүшүн түшүнөт.Акын-жазуучулардын чыгармаларынын көркөмдүк жаңы табылгалары, улуттук көркөм дөөлөт катары жаңычылдыктарын өзгөчөлүктөрүн жана башка маселелерин үйрөнүшөт.

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында студент төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн деңгээлине ээ болуусу керек: ЖИК-1, ЖИК-2, ЖИК-6; ИК-2, ИК-5, СИЖМК-2, СИЖМК-4; КК-4; КК-7. Курсту баяндоо:

**Дисциплинаны окуп бүткөндөн кийин студент ээ болуучу билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр:**

**билет:** - мамлекеттик тил мыйзамынын негизинде иш алып барууну; - кеп адебин туура сактоону; - орфографиялык эрежелердин негизинде сабаттуу жазууну; - практикада пайдалануучу иш кагаздарынын реквизиттери, талаптары, эрежелерин билүүнү; - учурдун талабына ылайык иш кагаздарын жаза билүү, өркүндөтүү жана өнүктүрүүнү; - өздүк жана расмий иш кагаздарын айырмалай билүүнү; - иш кагаздарынын тилдик өзгөчөлүгүн ; - иш кагаздарындагы кыскартууларды өздөштүрүүнү. - кыргыз адабияты дисциплинасынын негизги обьектисин,көркөм адабияттын идеялыкэстетикалык тажрыйбасын теориялык жактан жалпылап, адабий процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн,адабий сын, адабият таануу илими адабият тарыхынын өсүп-өнүгүү процессинин жанданышына шарт түзөрүн билет;

**билгичтикке ээ болот:** - кыргыз тилинин практикалык курсу боюнча алган билимдерин жашоосунда өз алдынча кесиптик ишмердүүлүккө байланышкан маселелерди чечүүдө пайдалануу; - жалпы адабий процесстин принциптерин түшүнөт, көркөм адабияттын мазмунун, формасын, темасын, идеясын,сюжет, анын элементтерин, композиция, анын компоненттерин жана алардын биримдигин үйрөнөт:

**көндүмдөргө ээ болот:** - иш кагаздарын туура жазууга; - ар кандай кырдаалга ылайык керектүү иш кагаздарын пайдаланууга; - адабий тилдин нормасын сактоого; - жазуу маданиятын арттырууга; - эл алдында кептин талаптарын сактоо менен сүйлөй билүүгө; - иш кагаздарын туура жазууга, колдонууга. - алган теориялык билимдеринин негизинде көркөм текстти талдоонун бардык түрлөрүн жүргүзүүгө машыгат; - өздөштүргөн адабий түшүнүктөрүн оозеки жана жазуу кебинде пайдаланат; - кесибине байланыштуу маалымат булактарын (журнал, сайт, билим берүү порталдары ж.б.) таап ыктуу колдоно билүү ыкмаларына ээ болот.

**Б.1.2. Русский язык**

**Цели дисциплины:** формирование современной личности, повышение общей речевой культуры студентов, совершенствование владения нормами устного и письменного

литературного языка; развитие навыков и умений эффективного речевого поведения в различных ситуациях общения.

**Задачи дисциплины:**

- формирование представления о русском языке как духовной, нравственной и культурной ценности русского народа;
- осознание национального своеобразия русского языка; овладение культурой межнационального общения;
- дальнейшее развитие и совершенствование способности и готовности к речевому взаимодействию на русском языке;
- освоение знаний о русском языке как многофункциональной знаковой системе и общественном явлении; языковой норме и ее разновидностях; нормах речевого поведения в различных сферах общения;
- овладение умениями опознавать, анализировать, классифицировать языковые факты, оценивать их с точки зрения нормативности; различать функциональные разновидности русского языка и моделировать речевое поведение в соответствии с задачами общения; - качественное повышение уровня речевой культуры, овладение общими представлениями о системе норм русского литературного языка;
- приобретение навыков публичного выступления, ведения спора и делового общения на русском языке;
- применениеполученных знаний и умений в собственной речевой практике; повышение уровня речевой культуры, орфографической и пунктуационной грамотности.

**Место дисциплины в структуре ООП ВПО:** Данная учебная дисциплина включена в раздел «Гуманитарный, социальный и экономический цикл» основной образовательной программы и относится к «Базовой» части: Б.1.2, способствующих общему развитию личности, обеспечивающих формирование мировоззрения и понимание современных концепций картин мира, формирующих коммуникативную культуру личности. **Пререквизиты:** Для освоения данной дисциплины необходимы знания, умения и навыки, приобретенные в школе при изучении дисциплины «Русский язык».

**Постреквизиты:** В процессе освоения дисциплины «Русский язык» студенты должны овладеть теоретическими знаниями и практическими навыками современных методов и технологий делового взаимодействия, нормами этикета и культурой поведения в профессиональной и общественной сфере.

**Требования к результатам освоения дисциплины «Русский язык»**: Компетенции обучающегося, формируемые в результате освоения дисциплины «Русский язык». В процессе освоения дисциплины «Русский язык» студенты овладевают теоретическими знаниями и практическими навыками современных методов и технологий делового

взаимодействия, нормами этикета и культурой поведения в профессиональной и общественной сфере.

**Знания по русскому языку, полученные студентами на занятиях русского языка в вузе, способствуют формировать следующие компетенции:** ОК-1, ИК- 2, ИК3, ИК-5.

В результате изучения русского языка студент **должен знать:**

- в достаточном объеме официальный язык;
- роль, место и значение русского языка в системе языков;
- теоретические основы построения словосочетаний и предложений различного типа на русском языке;
- основы публичной речи (устное сообщение, доклад, эссе и др.)
- комментирование текста и выделение в нем основной и дополнительной информации;
- письменно излагать содержания прочитанного и прослушанного (изложение);
- орфоэпические, лексические, грамматические, орфографические и пунктуационные нормы современного русского литературного языка; нормы речевого поведения в социально-культурной, учебно-научной, официально-деловой сферах общения.

**уметь:**

- логически верно, аргументировано и ясно строить устную и письменную речь на официальном языке;
- применять в практике речевого общения основные орфоэпические, лексические, грамматические нормы современного русского литературного языка;
- соблюдать в практике письма орфографические и пунктуационные нормы современного русского литературного языка;
- строить диалогическую и монологическую речь с использованием наиболее употребительных и относительно простых лексико-грамматических средств в основных коммуникативных ситуациях неофициального и официального общения;
- анализировать языковые единицы с точки зрения правильности, точности и уместности их употребления;
- создавать устные и письменные монологические и диалогические высказывания различных типов и жанров в учебно-научной (на материале изучаемых учебных дисциплин), социально-культурной и деловой сферах общения;
- использовать основные приемы информационной переработки устного и письменного текста.

**владеть:**

- навыками культуры общения на официальном языке;
- навыками совершенствования устной и письменной речи;

- навыками письменной и устной коммуникации на официальном языке, необходимом для получения информации профессионального назначения;
- навыками развития творческих и интеллектуальных способностей;
- навыками совершенствования коммуникативных способностей;
- навыками расширения круга используемых языковых и речевых средств;
- навыками совершенствования способности к самооценке на основе наблюдения за собственной речью;
- навыками аргументированного письменного изложения собственной точки зрения;
- навыками публичной речи, аргументации, ведения дискуссии и полемики;
- навыками самостоятельной деятельности, самообразования;
- навыками критического восприятия информации.

### В.1.1. Чет тили

**Дисциплинанын максаты:** Дүйнөлүк тил катары англис тилин үйрөнүү;кеп ишмердүүлүгүн (сүйлөө,жазуу,окуу,угуу) бүгүнкү дүйнөлүк тилдик талаптарга ылайык жүргүзүү; аталган дицсиплинадан алган билим, көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктөрүндө туура пайдаланууга көнүктүрүү; дүйнө элдеринин маданий баалуулуктарын таануу жана үйрөнүү; дүйнө таанымын өстүрүү; адис келечекте кесибинде чет тили боюнча алган билимин пайдалана алуу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Программа боюнча англис тилинин лексикасына, граматикасына, фонетикасына, байланышкан бөлүмдөрүнөн тандалып, темалар бирибирине тыгыз байланышта өтүлөт. Илимий негиздер менен багытталган тексттер менен иштөө дагы каралат.

**Дисциплинанын орду:** 55000 Физика-математикалык билим берүү багыты боюнча бакалаврды даярдоодогу НББПнын ГСЭ циклынын базалык компоненти болуп эсептелет. Дисциплинанын милдеттери: Студенттердин англис тилинин практикалык курсу боюнча билимдерин терендетүү; негизги лингвистикалык жана лингво өлкө таануу материалдарын өздөштүрүү; студенттердин кесиптик ишмердүүлүктөрүндө дисциплина боюнча алган билим, билгичтик жана көндүмдөрүн пайдаланууга калыптандыруу.

**Дисциплинанын пререквизити:** англис тили предметин окуп-үйрөнүүдө кыргыз тил жана орус тил, информатика, адабият, тарых, философия, социология, психология, этнография предметтеринин түшүнүктөрү негиз болот. Студенттин мектептен алган билимдери, социалдык көндүмдөрү предметти түшунүүдө өтө чоң мааниге ээ болуп саналат.

**Дисциплинанын постреквизити: англис** тили предмети келечектеги адистерди англис тилинин грамматикасын жакшы билген, терминологияларды жакшы үйрөнгонөз

оюн так түшүнтурадурган улуттук дөөлөттөрунда котормочусуз эркин суйлошо аладурган инсан катары калыптоодо негизги предмет болуп саналат.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыгынан күтүлүүчү натыйжалар: Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында студент төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн деңгээлине ээ болуусу керек: СИЖМК-1, СИЖМК-6, КК-1, КК-6.

**Курсту баяндоо:** Дисциплинаны окуп бүткөндөн кийин студент ээ болуучу **билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр:**

**билимге ээ болот**:

- жеткиликтүү деңгээлде мамлекеттик, расмий жана чет тилдерди;

- Англис тилинде суйлошодурган мамлекеттердин тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдерин, анын дүйнөлүк коомчулукта алган ордун;

- заманбап билим алуунун техникасын, ыкмасын, тарыхын, теориясын, концепцияларын, коомдуксаясий турмуштун маселелерин;

- илимий таанып-билүүнүн структурасын, анын методдорун жана формаларын; **билгичтикке ээ болот:**

- өзүнүн оозеки жана жазма кебин англис тилинде логикалык жактан туура, аргументтүү жана так берүүнү;

- чет элдердин каада-салтын, маданиятын талдоосу жана түрдүү элдердин өкүлдөрү менен турмуштук өз ара байланышка даяр болуусу;

**көндүмгө ээ болот:**

- англис тилинде маданияттуу сүйлөшө алуу көндүмүнө ээ болуу;

- кесиптик жана жеке сүйлөшүү үчүн чет тилдерди билүү (тилди билүүнүн жалпы европалык системасынын В1 шкаласынан төмөн эмес деңгээлде);

- изилдөөнүн заманбап теорияларын жана методдорун өздөштүрүү; - окутуунун ыкмаларын, технологияларын, анын ичинде интерактивдүү ыкмаларын пайдалана билүү.

**Б.1.3. Кыргызстандын тарыхы**

**Дисциплинанын максаты:** Кыргызстандын тарыхы, социалдык – экономикалык, саясий жана маданий өнүгүүсү боюнча байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки билимдердин бирдиктүү комплексин түзүү. Тарыхый эмес факультеттердин студенттерин Кыргызстандын аймагында байыркы доордон баштап бүгүнкү күнгө чейинки болуп өткөн окуялардын хронологиялык ирээтте өнүгүүсү жөнүндөгү билимдерге ээ кылуу менен, тарыхый окуяларды тарыхый закон чееөнемдүүлүктүн айлампасында, тарых илиминин принциптерин, анын коомдогу ордун, илимдеги айрым проблемаларды билүүгө шарт түзөт.

**Билет:**

- кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы, орто кылымдык жана жаңы тарыхы боюнча негизги булактарды;
- Кыргызстандын тарыхын изилдеген окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн эмгектери;
- кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхынын мезгилдүүлүгү жана негизги этаптары, чечилбеген маселелерди талкуулоону;
- социалдык-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий процесстерди өнүктүрүүнү;
- өз элинин көрүнүктүү инсандары жөнүндө;
- кыргыздардын жана Кыргызстандын маданиятын жана өзгөчөлүгүн;
- Кыргызстандын байыркы доорлордон азыркы күнгө чейинки тарыхый жана саясий өнүгүүсүн.

**колдоно алат:**

- Кыргызстандын тарыхы боюнча алган билимдерин алган адистигине ылайык маалыматтык – издөө, методикалык, тарбиялык жана башка милдеттерге колдонууну;
- азыркы дүйнөдө болуп жаткан тарыхый жана саясий окуяларды өз алдынча талдоо жана туура тыянак чыгарууну;

**Ээ болот:**

- өз алдынча илимий иш көндүмдөрүнө;
- тарых, баарлашуу жана этикет жаатындагы билимге.

## Б.1.4. Философия

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** - Студенттердин философиялык билимдин негиздерине жана жалпы адамдык маданиятка жетишүү мамилесиндеги философиялык рефлекциянын усулдарына ошондой эле социалдык түзүмгө, процесстерге, институттарга философиялык анализ жасоону үйрөнүүсүнө жетишүү; - Илимий-изилдөө, педагогикалык, өндүрүштүк-прикладдык жана уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүндөгү конкретүү проблемаларды чечүүдө диалектиканын жалпылыгын, өзгөчөлүгүн, жекелигин түшүнүү ыгынын жана жалпы ой-жүгүртүүсүнүн калыптануусуна жетишүү; - Азыркы цивилизациянын, социалдык гуманитардык билим жөнүндөгү системалуу көз караштын жана аны окутуунун, ошондой эле жалпы гуманистик дүйнөгө болгон көз карашынын калыптануусуна жетишүү; - Студенттердин жазуу жана оозэки сүйлөөсүн, логикасынын аргументтүү жана так болуусун калыптандыруу; - Студенттердин өздүк, инсандык жана кесипкөйлүк жогорулоосун калыптандыруу үчүн адамзаттык руханий бийиктикке жеткирүү;

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн милдеттери:** - Дүйнө жана андагы адамдын орду жөнүндөгү өз алдынча жана көз карашынын калыптануусуна жардам берүү; - Азыркы социалдык-маданияттаагы реалийдин татаалдыгын түшүнүүгө тарбиялоо жана аларга толеранттуу баа берүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу; - Студенттин дүйнөгө болгон

мамилесиндеги рефлексивдүү позициясын жана келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн кээ бир фундаменталдык аспектилерин стимулдаштыруу; - Азыркы философиянын абалын, калыптануу картинасын, анын коомдогу гуманистик жана социомаданий функциясын ачууга, анализдөөгө калыптандыруу; - Студенттердин философиялык билим системасын калыптандыруу; - Азыркы коомдун маалымат мейкиндиги дүйнөгө болгон көз караштын принципиалдуу маселелерине маани берүүсүн жана өз алдынча анализдөө анализдөө жөндөмдүүлүгүн өстүрүү; - Дүйнөгө болгон көз караштык проблемаларды философиялык-методологиялык анализдөөдө студенттердин практикалык жөндөмдөрүн калыптандыруу; - Студенттердин дүйнө жөнүндөгү жекече көз карашынын калыптануусуна жана дүйнөдөгү өз ордун аңдай билүүсүнө жардам берүү; - Азыркы Кыргызстандагы диндик конфессияларга жана ар улуттун өкүлдөрүнө толеранттуу мамиле жасоо көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Дисциплинанын НББПнын түзүмүндөгү орду:** Дисциплина окуу циклинин базалык бөлүгүнүн B1.5 гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикли болуп саналат. Жалпы билим берүү программасынын төмөндөгү предметтери “Тарых”, “Экономика”, “Адабият”, “Физика” ж.б. билим алуучулардын билимин, көндүмдөрүн, ишмердүүлүк жөндөмдөрүн өркүндөткөндүктөн “Философия” дисциплинасын өздөштүргөнгө негиз болуп берет. Мындан сырткары базалык жана тандоо курстары болуп саналган “Маданият таануу”, “Социология”, “Саясат таануу” дисциплиналары жана студенттердин философияны терең өздөштүрүшүнө чоң түрткү болот. Студенттердин “Философия” дисциплинасын ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн, кесиптик багытка ылайык проблемалар талкууланат.

**Дисциплинаны өздөштүргөнгө чейинки билимдер (пререквизиттер):** Мектеп курсундагы “Кыргызстан тарыхы”, “Дүйнө тарыхы”, “Адам жана коом”, “Кыргыз адабияты” дисциплиналары.

**Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийин ээ болгон билимдер (постреквизиттер):** Өз алдынча даярдануу, презентацияларды даярдоо, өз оюн айтуу, башка бирөөнүн пикирин урматтоо жана уга билуу.

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталат: ЖИК-1, ИК-1, ИК-4, СИЖМК-1, СИЖМК-6.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыгынан күтүлүүчү натыйжалар**: Дисциплинаны окутуунун натыйжасында студент

**билимге ээ болот:** - Философия деген эмне, философиянын тарыхый типтери, философиялык билимдин түзүмү, коомдо, конкреттүү тарыхый доорлордо адамдын жашоосунда философия кандай роль ойногон жана ойнойт; - Адамды, жаратылышты анын

жашоосун жана жаратылыш системасындагы ордун, маанисин философиялык түшүнүү; - Адам жана аны курчап турган дүйнөнүн өнүгүү мыйзамдарын жана бул процессти таанууда билимдин ролун; - Коом социалдык система катары; - Маданият, цивилизация, адамзат алдындагы ааламдашуу проблемаларын, Кыргызстандын дүйнөлүк цивилизация системасындагы ордун; - Маданий дүйнөдөгү адамдын ролу жана ордун; - Инсандык жоопкерчилик жана эркиндик проблемасын, маалыматтык техника дүйнөсүндөгү адамзаттык көйгөйлөрдү;

**билгичтикке ээ болот:** - Философиялык, социалдык-саясий, илимий адабияттарды өз алдынча анализдөө; - Илимий анализдин негизинде коомдук көрүнүштөрдү баалоо жана ага багытталуу, таянуу; - Китепкана фонду, маалыматты камсыздоочу компьютердик система, мезгилдүү басма сөз аркылуу маалыматты издөөнү ишке ашыруу, орундатуу;

**көндүмгө ээ болот:** - Аргументтүү баяндамаларды, философиялык текстерди анализдөө жана түшүнүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу аркылуу философиядан талаш-тартыш, туура талкуу жүргүзүү, докладдарды жана рефераттарды даярдоосу. - Философиялык адабияттарды анализдөө; - Философиялык текстерди, рефераттарды өз алдынча жазуу; - Ачык талкуу жана баяндама жасоо учурунда жеке философиялык көз караштарды негиздүү коргоо.

### В.1.2. Манас таануу

**Дисциплинанын максаты:** Манас таануу фольклористика илиминин бир бөлүмү экендигин, элдик оозеки чыгармачылыктын мыйзам ченемдерин жана манас таануу илиминин өнүгүү тенденцияларын, “Манас” үчилтигин үч багыт боюнча: эпосту жыйноо, анын басылмалардан чыгаруу, манас таануучу окумуштуулардын илимий-теориялык эмгектерин талдоо, алардын “Манас” эпосу боюнча концепцияларын комплекстүү түрдө, жалпылап үйрөтүү. Мындан "Манас" эпосу жомок эмес элибиздин реалдуу тарыхын көркөм образдар аркылуу чагылдырган, түпкүлүгүндө өзүнүн социалдык-маданий тамыры бар улуу эпос жана кыргыз турмушунун энциклопедиясы экени тууралуу билим алышат. **Дисциплинанын мазмуну:** Манас таануу фольклористика илиминин бир бөлүмү. Манас таануу тилиминин өнүгүү тарыхы жана мыйзам ченемдери. “Манас” – улуттук жана дүйнөлүк маданияттын контекстинде. Манас таануучулар жана жыйноочулар. “Манас” эпосунун варианттары. Манасчылык өнөр жана метафизика. Эпостун жаралуу доорлору, көчмөндөр цивилизациясы. “Манас эпосунун поэтикалык структурасы. “Манас” эпосу – кыргыз улуттук искусствонун өнүгушүндө маанилүү булак.

**Дисциплинанын милдеттери:** “Манас” эпосунун жаралышындагы тарыхый доорлорду, трилогиянын жалпы структурасын, этнографиялык, философиялык т.а. культурологиялык, этнопедагогикалык маанисин, манасчылык өнөрдүн табиятын, манасчылардын мектептерин, каармандардын образдарын, анын поэтикасын, “Манас” дүйнөлүк

классиканын бийиктигинде турган улуу трагедиялык дастан экендигин билдирүү жана студенттердин рухий маданиятын, дүйнөгө гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын калыптандыруу, эли-жерин сүйгөн, улутунун салтсанаасын, адеп-ахлак кенчтерин боюна сиңирген ыймандуу, мекенчил инсандарды калыптандыруу

**Дисциплинанын орду:** Бакалаврды даярдоо боюнча окуу планында “Манас таануу” дисциплинасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген (2015-жылдын 15-сентябры, №1179/1) жогорку окуу жайларынын 550200 филологиялык билим берүү (профили: кыргыз тили жана адабияты) багыты боюнча кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында, окуу пландарында базалык предмет катары Б.1.6 адистик дисциплиналар циклынде жайгашкан.

**Пререквизиттер:** “Манас таануу” предметин окуп-үйрөнүүдө адабият, тарых, философия, маданият таануу, этнография, этика, эстетика, психология, тил илимдеринен түшүнүктөрү негиз болот. Студенттердин орто мектептен алган билимдери, социалдык көндүмдөрү да мааниге ээ.

**Постреквизиттер:** Эпостун кыргыз элинин рухий турмушундагы ролу, коомдук аң-сезиминин формалары: философиясы, моралы, искусствосу, тарыхы, дини, психологиясы, этнографиясы, тили, географиясы, астрономиялык, медициналык түшүнүктөрү, укуктук көз караштары жөнүндө маалыматтарды билишет;

**Курстун аягында күтүлүүчү натыйжалар:** - кесиптик билимдерин жана билгичтиктерин өркүндөтүүнүн ыкмаларына ээ болот: - дүйнө таануу жөнүндө илимий билимдердин бирдиктүү системасына ээ болот; - улуттук жана жалпы адамзаттык адабий дөөлөттөр жөнүндө маалыматтарга ээ болот жана аларды урматтоо, барктоо сезимдери калыптандырылат; - адамдын жаратылыштагы, социумдагы ордун жана ролун таанып-билет; - эпоско фольклордук-этнопедагогикалык өңүттөн өз алдынча талдоо жүргүзүү көндүмү калыптандырылат; - эпосту үйрөнүүдө социалдык жана гуманитардык илимдер менен байланыштыруу жөндөмүнө ээ болот.

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөндөгүдөй компетенцияларга жетишет: ЖИК-1, КК-12, КШК-1

**Курсту баяндоо:** Дисциплинаны окуп бүткөндөн кийин студент ээ болуучу билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр: Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөндөгүдөй компетенцияларга жетишет:

**билет:** - манас таануу фольклористиканын спецификалуу бир бөлүмү экендигин жана анын негизги түшүнүктөрүн, мыйзам ченемдерин, иликтөө багыттарын, манас таануучулардын илимий көз караштарын; - “Манас” эпосунун дүйнөлүк адабияттар аралык көркөмдүк жана эстетикалык бөтөнчөлүктөрүн өздөштүрөт; - кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын, анын ичинде “Манас” эпосунун табиятын, жанрдык өзгөчөлүгүн;

**билгичтикке ээ болот:** - “Манас” эпосун фольклордук-этнопедагогикалык, этнокультуралогиялык өңүттөн талдай алат; - манас таануучулардын илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын салыштырып, сапаттык деңгээлин аныктап, баалай алат; **көндүмгө ээ болот:** - манас таануунун илимий терминологиясына жана илимий эмгектерди талдоонун элементардык ыкмаларына, талдоо жана синтездөө жөндөмүнө (көндүмүнө) ээ болот;

### Б.2. В 1. Кыргызстандын географиясы

“Кыргызстандын географиясы” энциклопедиялык-окуу китебинде республиканын табияты, кен байлыктары, геоэкологиялык абалы, рекреациялык ресурстары, коргоого алынган аймактары, калкы, экономикасы, облустары, райондору, шаар-кыштактары, жергиликтүү географиялык түшүнүктөр кеңири баяндалат. Китептин артында «Манастын географиясы» жана ага байланыштуу пайда болгон топонимдер, Кыргызстандын аймагын изилдеген белгилүү географтар берилген.

**Максаты:** Географиялык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана студенттердин жаратылыш, калк жана чарбанын ортосундагы тыгыз өз ара байланышты жана өз ара көз карандылыкты андан ары түшүнүүгө, ошондой эле жеке сапаттарын: мекенчилдикти жана мекен алдындагы милдет сезимин калыптандырууга өбөлгө түзгөн, анын көп түрдүүлүгүндө өз өлкөсү жөнүндө бирдиктүү түшүнүктү калыптандыруу;

**Милдеттери:** Бул максатка жетүү үчүн студенттердин сабактарына катышуу, лекцияларды угуу, теориялык бөлүгүн бекемдөө үчүн тапшырмаларды аткаруу, студенттердин өз алдынча иштеши, ошондой эле адабиятты тема боюнча талдай билүү жана табуу зарыл.

-жаратылыштын компоненттерин (рельефтин түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, климаттык шарттар, суу ресурстары, өсүмдүктөр катмары), ошондой эле социалдык география, өнөр жай, айыл чарба, транспорт системасынын маселелерин изилдөө;

-тематикалык географиялык карталарды эркин багыттоо жана практикада жана күнүмдүк жашоодо колдонуу;

-географиялык карталарды жана географиялык маалыматтын башка булактарын пайдалануу аркылуу таанып билүү кызыкчылыктарын, интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

-атайын географиялык терминологияны туура түшүнүү жана өздөштүрүү;

**Курсту аяктагандан кийин студент:**

**билет:**

-республиканын жаратылыш шарттарынын калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү, аймактын түзүлүшүнүн тарыхы, рельефтин түзүлүшү, климаттын калыптанышынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө;

-дарыялардын, көлдөрдүн, жер астындагы суулардын, мөңгүлөрдүн түзүлүшүнүн, таралышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө, суулардын запастары жөнүндө, аларды азыркы учурда пайдалануунун структурасы жөнүндө;

-топурак-өсүмдүктөрдүн катмарын түзүүнүн өзгөчөлүктөрү, жер ресурстарынын таралышы, аларды азыркы пайдалануу жана экологиялык абалы жөнүндө;

-жаныбарлар дүйнөсү, алардын азыркы экологиялык абалы, аларды коргоо жөнүндө;

-ландшафттардын таралышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү, Кыргызстандын корголуучу аймактары жөнүндө;

-Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн табигый жана социалдык-экономикалык өбөлгөлөрү жөнүндө;

**колдоно алат:**

-карта менен иштөө жана аларды талдоо;

-коллективде, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлордо иштөө;

-маалыматты кабыл алуу, жалпылоо жана талдоо, максат коюу жана ага жетүү жолдорун тандоо;

-жаратылышты шарттарын жана ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун өзгөчө жана жалпы маселелерин талдоо, жаратылышты колдонууну башкаруу, адистердин жана квалификациялуу илимий кызматкерлердин жетекчилиги астында башкаруу;

-кесиптик жана социалдык маселелерди чечүү үчүн ар кандай булактардан маалыматтарды чогултуу жана талдоо;

-КР жаратылышынын, жаратылыш ресурстарынын, чарбасынын жана калкынын калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн талдоо;

**ээ болот:**

-географиялык карталар менен иштөө ыкмалары;

-комплекстүү географиялык талдоонун зарыл инструментарийи, көндүмдөрү жана ыкмалары;

-материалды чогултууда жана алгачкы иштетүүдө изилдөөлөрдүн заманбап ыкмалары;

-КР жаратылышы, жаратылыш шарттары, калкы жана чарбасы жөнүндө илимий билимдердин бирдиктүү системасы;

-республиканын аймагынын жаратылышынын, жаратылыш компоненттеринин азыркы кездеги геоэкологиялык абалы жөнүндө маалымат.

## Б.1. В.1. Социология

Социологиянын илим катары пайда болушунун социалдык-философиялык өбөлгөлөрү. Огюст Конт социологиянын негиздөөчүсү катары. Классикалык

социологиялык теориялар. Орус социологиялык ой жүгүртүүсү. Кыргызстанда социологиянын калыптанышы жана өнүгүшү.

Социологиянын объектиси, предмети жана методу. Коом социалдык-маданий система катары. Коом жана социалдык институттар. Социалдык топтор жана жамааттар. коом жана инсан. Чакан топтор жана коллективдер.

Коомдук уюм. Маданият баалуулуктардын жана нормалардын системасы катары, коомдун негизги компоненти. Инсанды социалдаштыруу. коомдук кыймылдар. Дүйнөлүк система жана глобалдашуу процесстери. Социалдык теңсиздик, стратификация жана социалдык мобилдүүлүк. Социалдык статус түшүнүгү. Коомдук көзөмөл жана коомдук чыр-чатактар. Социалдык өз ара аракеттенүү жана коомдук мамилелер. Экономиканын, коомдук мамилелердин жана маданияттын ез ара аракети.

Инсан социалдык тип жана активдүү субъект катары. Маргиналдуулук жана четтөө.

коомдук өзгөрүү. Социалдык революциялар жана реформалар. Коомдук прогресстин концепциясы. Кыргызстандын дүйнөлүк коомчулуктагы орду. Социологиялык изилдөөлөрдүн методологиясы жана ыкмалары

## Математикалык жана табигый – илимдер мерчеми

### Б.2.1. Математика

Студенттин математикалык маданиятын өнүктүрүү жалпы даярдыкта математикалык компоненттин зарылдыгын так түшүнүүнү, заманбап цивилизацияда жана дүйнөлүк маданиятта математиканын ролун жана ордун түшүнүүнү өнүктүрүүнү, логикалык ой жүгүртүүнү, абстракттуу объекттер менен иштөөнү жана сандык жана сапаттык мамилелерди билдирүү үчүн математикалык түшүнүктөрдү жана Символдорду туура колдонууну камтышы керек.

Бакалавр жана адистин математикалык билими математиканын негизги түшүнүктөрүнө негизделиши керек. Математикалык даярдыктын негизи математикалык түшүнүктөрдүн жана конструкциялардын жетиштүү жалпылыгын болжолдойт, аларды колдонуунун кеңири спектрин, изилденип жаткан объекттердин математикалык касиеттеринин формулировкаларынын тактыгын, адекваттуу заманбап математикалык тилге таянган математиканын презентациясынын логикалык катуулугун камсыз кылат. Тиешелүү математикалык курстарды куруу студент математиканын негизги түшүнүктөрүн жана методдорун, ошондой эле математиканын ар кандай предметтик багыттардагы ролун жана ордун толук түшүнө тургандай кылып жүргүзүлүшү керек.

“Математика”дисциплинасы төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт:"Сызыктуу алгебра","Математикалык анализ". Курсту өздөштүрүү үчүн орто мектепте окуган негизги математиканын негиздерин билүү керек. Математикалык анализди изилдөө үчүн

"Сызыктуу алгебра" бөлүмүн билүү зарыл. "Математикалык анализ" бөлүмү математика жана башка экономикалык илимдерди түшүнүү үчүн негиз болуп саналат.

**Максаты:** "Математика" дисциплинасын окутуунун максаты студенттерге ар кандай колдонмо маселелеринде негизги ролу илгертен бери белгилүү болгон жогорку математиканын негиздерин үйрөтүүдөн турат. Көптөгөн экономикалык кырдаалдарды жетиштүү шайкештик менен үзгүлтүксүз моделдер менен чагылдырууга болот. Экономикалык көйгөйлөр, мисалы, пландарды ички байланыштыруу көйгөйлөрү, аларды оптималдаштыруу, эң натыйжалуу инвестициялык чечимдерди тандоо жана башкалар, сызыктуу алгебра жана математикалык анализ ыкмалары менен ийгиликтүү чечилет. Ушундан улам, ар кандай экономикалык процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү үчүн өзгөрүлмө чоңдуктардын функционалдык көз карандылыгы, үзгүлтүксүздүк, туунду, дифференциалдык теңдеме ж.б. сыяктуу түшүнүктөргө ээ болуу керек, башкача айтканда, дифференциалдык жана интегралдык эсептөөлөрдүн негиздерин билүү зарыл. Жогорку математиканын негиздерин түшүнүү келечектеги адиске экономикалык илимдерди тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

**Милдеттери:** матрицалар боюнча иш-аракеттерди аткарууга үйрөтүү; -детерминанттарды эсептөөгө үйрөтүү; -сызыктуу теңдемелер системасын чечүү көндүмдөрүн өздөштүрүү; -вектордук алгебранын негиздерин үйрөтүү; -сандык ырааттуулуктун жана функциялардын чектерин табууга үйрөтүү;функцияны дифференциациялоо техникасын өздөштүрүү; -элементардык функцияларды изилдөө жана алардын графигин үйрөтүү; -башталгыч функциялардын айрым класстарын интеграциялоону үйрөтүү; -дифференциалдык теңдемелерди классификациялоодо жана чечүүдө керектүү көндүмдөрдү үйрөтүү;-экономикада пайда болгон маселелердин дифференциалдык теңдемелерине маалымат берүү; - математикалык жол-жоболоштурулган маселелерди чечүү жана изилдөө ыкмаларын өздөштүрүү; логикалык, илимий, абстракттуу жана алгоритмдик ой жүгүртүүнү өнүктүрүү; - окуу адабияты менен өз алдынча иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Курсту аяктагандан кийин студент:**

**билет:**

- математикалык анализ, сызыктуу алгебра, аналитикалык геометрия, ыктымалдуулук теориясы жана математикалык статистиканын негизги түшүнүктөрү жана ыкмалары;
- табигый илимдеги жана инженериядагы эң жөнөкөй системалардын жана процесстердин математикалык моделдери; -дифференциалдык жана интегралдык эсептөөнүн негиздери.

**колдоно алат:**-типтүү кесиптик маселелерди чечүү үчүн математикалык ыкмаларды колдонуу; маалымдама математикалык адабияттарды багыттоо; жөнөкөй математикалык модель типтүү куруу ыкмалары кесиптик милдеттери.

**ээ болот:** табигый илимий маселелерди чечүүнүн математикалык ыкмалары жана алынган натыйжаларды чечмелөө ыкмалары.

### Б.2.2. Информатика

**Дисциплинанын максаты:**

Студенттердин информатика дисциплинасы жөнүндө, маалыматтарды чогултуу, берүү, иштеп чыгуу жана топтоо процесстеринин мүнөздөмөлөрү, маалыматтык процесстерди ишке ашыруунун техникалык жана программалык каражаттары жөнүндө жалпы билимдерин калыптандыруу; студенттерди заманбап программалык камсыздоону колдонуу менен персоналдык компьютерлерде иштөөнүн кабыл алынышына үйрөтүү; студенттерди келечектеги адистикке байланыштуу маселелерди чечүү үчүн алган билимдерин колдонуунун кабыл алынышына үйрөтүү.

**Дисциплинанын милдеттери:**

-студенттердин жеке компьютерлердин иштөө принциптери, түзүмү, түзүлүшү жана программалык камсыздоосу, компьютердик тармактардагы иштин өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдерин калыптандыруу;

-студенттерди операциялык тутумдар менен иштөөнүн ыкмаларына, колдонмо программалардын пакеттерине, тексттик документтерге, электрондук таблицаларга, презентацияларды түзүүнүн ыкмаларына окутуу;

-маалыматтар базасын башкаруу системасынын иштөө үчүн маалымат базаларын түзүү жана иштөө жана окутуу негизги негиздери жөнүндө студенттердин билимдерин калыптандыруу;

-студенттерге заманбап программалоонун негиздерин үйрөтүү.

**Курсту аяктагандан кийин студент:**

**билет:**

• маалыматтык коопсуздуктун негизги талаптарын эске алуу менен маалыматтын жалпы касиеттери, аны издөө, алуу, жазуу, сактоо, өзгөртүү, берүү, кайра иштетүү, жайылтуу жана пайдалануу ыкмалары;

**колдоно алат:**

-маалымат менен максаттуу иштөө, аны алуу, иштеп чыгуу, берүү жана коргоо үчүн заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипкөйлүк менен колдонуу;

**ээ болот:**

-маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жардамы менен чечилүүчү кесиптик маселелерди коюунун методикасы.

### Б.2.4. Азыркы мезгилдеги табият таанунун концепциялары (КСЕ)

**Дисциплинанын максаты жана милдети:**

- Табият таануу дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн жана биримдигин билүү менен дүйнөгө болгон бүтүн көз караштын калыптанышына өбөлгө түзүү;

- Илимий – тарыхый жана философиялык ыкмаларды колдонуу аркылуу ал проблемалардын чечилишин жолдорун гана көрсөтпөстөн, алардын таанып билүүнүн жолдорун көрсөтүү;

- Дүйнөнүн табигый илимий сүрөттөлүшүн анын негизги атрибуттары мейкиндик жана убакыт түшүнүктөрүн илимий манызын баяндоо;

**Дисциплинанын мазмуну:** Азыркы мезгилдеги табият таануунун концепциясы - предметинин максаты жана милдеттери; Табият таануунун тарыхый этаптарын, структурасын, методдорун салыштыруу; Мега – макро жана микродүйнөнүн обьектилерин, аларды салыштыруу; Эйнштейндин салштырмалуулук теориясындагы мейкиндик жана убакыт; Жердин түзүлүшү жана эволюциясы, глобалдык жана локалдык циклдерди салыштыруу, материктердин түзүлүшү, алардын формалары; Химиялык элементтердин түзүлүшү, Менделеевдин мезгилдеп кайталануу системасына азыркы замандагы көз караштарды ажыратуу; Жашоонун эволюциясы жөнүндөгү азыркы кездеги улама (синтездик) теорияны; Адамдын келип чыгышы боюнча Ч. Дарвиндин көз карашын, диний көз караштар менен салыштыруу, адам коомунун калыптанышындагы чөйрөлөрдүн таасирин ажырата алуу, адам коомунун өнүгүү концепциясы «Ыйык окуулардагы» түшүнүктөрдү, дарвиндик окууну илимий талдоону; Табият таануунун башка илимдер менен болгон байланышын, илим жана религияны салыштырууну, табият таануунун далектикалык – материалисттик көз караштарды түзүүдөгү маанисин окутуп үйрөтүү;

### Б.2.3. Экология

**Дисциплинанын максаты:** ТалМУнун билим берүү багытындагы миссиясына ылайык коомго татыктуу,кесиптик чеберчиликке ээ болгон,өндүрүшкө зарыл болгон жана атаандаштыкка туруштук берген компонентенттүү адистерди даярдоого салым кошуу. - Студенттерге Экология предмети негизинен азыркы учурда экологиялык кырдаал өтө татаал болгондугуна байланыштуу биосферанын түзүлүшүн жана функцияларынын өзгөчөлүктөрүн,экосистема түшүнүгүн жана анын түзүлүшү , организм жана чөйрөнүн байланышын ,экология жана адамдын ден – соолугу ,жашоо чөйрөнүн экологиялык факторлорун,бүгүнкү күндөгү экологиялык кризистерин терең окуп үйрөнүү негизги маселе болуп саналат. Студенттерди Экология предмети анын негизги максаттары жана маселелери менен тааныштыруу. Аларга адамдын ден соолугу айлана чөйрөнүн экологиялык абалынан көз каранды экендиги, популяциялардын санын жөнгө салынышын изилдөө, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун экологиялык принциптери

боюнча маалымат берүү жана алардын практикалык ишмердигинде жеке экология окуп үйрөнүүдө колдонуунун айрым ыкмаларын калыптандыруу.

Предметти өздөштүрүүдө азыркы учурдагы экологиялык көйгөйлөр, биосферанын эталондук аймактарын сактап калуу ,калктын жашоо сапатын жогорлатуу өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөтөт.

**Дисциплинанын мазмуну:** экологиянын түзүлүшү, экологиялык факторлор,популяция, экосистема, экология жана адамдын ден соолугу, глобалдуу экологиялык көйгөйлөр, жаратылыш ресурстарынын потенциалы, Кыргызстандын өзгөчө кайтаруудагы жаратылыш аймактары жана обьектилери.

**Дисциплинанын милдеттери:** -Студент илимий-теориялык материалды өздөштүрүү менен камсыз болуусу, илимий анализдик метод жана экология боюнча алынган илимий маалыматтарды синтездөөнү үйрөнүү, практикалык түрдө карта менен, илимий адабияттар менен студенттин иштөөсүн камсыз кылуу. - Экологиялык факторлор, - Популяция,анын жыныстык,жаштык,биологиялык структурасы - Экоситема - экологиянын функционалдык бирдиги - экология жана адамдын ден - соолугу, - жаратылыш ресурстарынын потенциалдарына комплекстүү мүнөздөмө берүү;

**Дисциплинанын негизги билим берүү программасынын (НББП) курамындагы орду:** Дисциплинанын окуу планындагы жана дисциплиналардын циклиндеги 550300 Филологиялык билим берүү (кыргыз тили жана адабияты профили) багытынын бакалавр академиялык даражасы үчүн окуу пландарында математикалык жана табигый дисциплиналар циклында Б.2.3. коду менен жайгашып, 4-семестрде 2 кредит өлчөмүндө окутулат.

**Дисциплинаны өздөштүргөнгө чейинки билимдер (пререквизиттер):** Экология предметин өткөнгө чейин студенттерЖалпы жер таануу, табият таануу концепциясы сабагын окушат.

**Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийин ээ болгон билимдер (постреквизиттер):** Экология предмети курсун өздөштүрүү менен студенттин тандап алган кесибине байланышкан мисалдарды жана маселелерди аткаруунун практикалык жолдору каралат, мисалы, геология, картаграфия, геоморфология, химия, гидрология, биология жана башка предметтик областтарда берилген маалыматтарды кайра иштетүү, анализдөө, синтездөө, корутунду чыгаруу, прогноздоо маселелери сыяктуу практикалык маселелерди чыгара билүүгө, атластардын жардамы менен виртуалдык эксперименттерди жасоого жана алынган жыйынтыктарды анализ кылууга зарыл болгон компетенцияларды калыптандырат.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыгынан күтүлүүчү натыйжалар:** Дисциплинаны окутуунун натыйжасында студент

**билимге ээ болот:** - Экологиянын түзүлүшүн - Экологиялык факторлор - Популяция. - Экоситема. - Экология жана адамдын ден соолугу - Глобалдуу экологиялык көйгөйлөр - Жаратылыш ресурстарынын потенциалы - Кыргызстандын өзгөчө кайтаруудагы жаратылыш аймактары жана обьектилерин. билгичтикке ээ болот: - Экологиялык факторлорду мүнөздөй алат; - Популяцияны мүнөздөй алат - Калктын социалдык курамы жана эмгек ресурстарын мүнөздөй алат - Рекреациялык комплекс жана экоситеманы мүнөздөй алат - Экология жана адамдын ден – соолугу мүнөздөй алат - Глобалдуу экологиялык көйгөйлөр мүнөздөй алат - Жаратылыш ресурстарынын потенциалын мүнөздөй алат - Кыргызстандын өзгөчө кайтаруудагы жаратылыш аймактары жана обьектилерин мүнөздөй алат көндүмгө ээ болот: - Экологиялык факторлорду көрсөтө алат; - Популяцияны көрсөтө алат; - Калктын социалдык курамы жана эмгек ресурстарын көрсөтө алат; - Рекреациялык комплекс жана тармэкоситема көрсөтө алат; - Экология жана адамдын ден – соолугу көрсөтө алат; - Глобалдуу экологиялык көйгөйлөр көрсөтө алат; - Жаратылыш ресурстарынын потенциалын көрсөтө алат; - Кыргызстандын өзгөчө кайтаруудагы жаратылыш аймактары жана объектилерин көрсөтө алат.

**Б.2.КПВ.1 Заманбап маалыматтык технологиялар**

Маалыматтык технологиялар предмети. Офистердин автоматташтырылган технологиялары. Маалымат алып жүрүүчүлөрү. Информацияны киргизүү жана чыгаруу түзүлүштөрү. Аппараттык жана программалык камсыздоо, компьютердик тармактар, глобалдык тармак Интернет. Интернет издөө кызматтары, электрондук почта; полиграфиялык каражаттарды пайдалануу; мультимедияны колдонуу. Интерактивдүү доска жана анын өзгөчөлүктөрү.

**Б.3. Кесиптик мерчеми**

**Б.3.1. Психология**

Психология адамзаттын жашоо тиричилиги, коомдук аң сезими, жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн ар тараптан ачып көрсөтүү менен анын ички дүйнөсү, сезим-туйгулары, дүйнө кабылдоосу, жүрүм-турумундагы мамилелешүүсүндөгү өзгөчөлүктөрүн үйрөтүүгө багытталат.

**Дисциплинанын максаты:** - адамдын инсандык касиеттерин көп кырдуулугу, татаалдыгы, өнүгүп-өзгөрүп турууучу психикалык кубулуштары менен таанышуу; - таанып билүү процесстери жана психологиялык аспектилери боюнча маалымат берүү; - психология предмети окутуунун негизги максаты жогорку билимдүү адистерди даярдоодо адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, таануу процесстерин өздөштүрүү, карым-катнаш түзүүнү үйрөтүү, инсан жана анын өнүгүү менен жалпы психологиялык аспектилер, закон ченемдүүлүктөр менен таанышуу; - жаш адистерди психологиялык билим менен камсыз кылып, професиоалдык деңгээлде даярдоо болуп эсептелет.

**Дисциплинанын милдеттери:** - психика жана аң-сезимдин өзгөчөлүгүн өрчүп-өнүгүүсүн адамдын жашоосундагы ролун, таанып билүү процесстеринин калыптанышын үйрөтүү; - инсандын коомдогу ордун, мамилелешүү өзгөчөлүгүн, карым-катнаш жасоо жолдорун көрсөтүү; - психикалык өнүгүүнүн булактарын теориялык жана практикалык негизде анализдөө жана колдонуу, алынган натыйжаларды мектеп практикасында жалпы элге билим берүү системасында колдонуу; - кемчилдиги бар балдардын өсүү өзгөчөлүгү жана аларды окутуу, тарбиялоо принциптери жөнүндө түшүнүк берүү; - предметти окутуунун негизги милдети студент алган теориялык жана практикалык билимин келечекте илимий негизде пайдалануу болуп эсептелет;

**Дисциплинанын негизги билим берүү программаларынын (НББП) курамындагы орду**: Психология дисциплинасы НББПда кесиптик циклдин базалык бөлүмүндө III семестрде жалпы көлөмү - 180 саат 2 кредит өлчөмүндө Б.3.1. коду менен окутулат.
**Пререквизиттер:** Предметти окуп үйрөнүүдө тарых, философия, педагогика, кыргыз адабияты предметтеринин түшүнүктөрү негиз болот. Студенттердин орто мектептен алган билимдери, социалдык көндүмдөрү да чон мааниге ээ.

**Постреквизиттер:** Психология предметинен алган теориялык жана практикалык билим, билгичтик, машыгуулары студенттердин келечек кесибине профессионалдык даярдык көрүүгө база болот. Мурдагы теориядык коз караштык дисциплинадан учурда психология адамдын профессионалдык практикалык ишмердуулугу менен билим беруу системасында, мамлекеттик башкарууда, маданиятта медицинада, онор жайда, спортто ж.б. озгочо область катары каралды. Коомдун динамикалык осушу менен андагы социалдык, экономикалык, саясий озгоруулор адамдын жашоосундагы психологиялык, физиологиялык шарттардын талашуусунан алып келет. Ар кандай конфликттер терроризм, экстремизм ж.б. мезгидин чакырыктары, жеке адамдын турмушун анын копчулук мезгилинде тунгуюкка алып келет. Адамдын ролунун мааниси коомдогу орду анын психикасынын ан-сезиминин осушу менен психологиянын илимий дисциплина катары актуалдуулугу улам жогорулайт.

### Б.3.2. Педагогика

Дүйнөлүк тарыхый педагогикалык процесстин өнүгүү тенденцияларын, педагогикалык илимий изилдөөлөрдү, учурдагы билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн билүүгө багыт берүү, профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн алгачкы көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандыруу

**Дисциплинанын максаты:** - педагогика илимдери жана педагогикалык илимий изилдөөлөрдү үйрөнүүгө багыт берүү; - окутуу жана тарбиялоо процесстерин өздөштүрүү; -педагогикалык ишмердүүлүктүн кесиптик өзгөчөлүктөрүн билүүгө үйрөтүү; - профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн алгачкы көндүмдөрүн жана

билгичтиктерин калыптандыруу - билим берүүдө методикалык изилдөөлөрдүн методологиялык көйгөйлөрүн чече билүү көндүмүнө ээ болуу

**Дисциплинанын милдеттери:** - педагогиканы илим катары жана педагогиканын илимий изилдөө методдору жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу; - тарбиялоо жана окутуу процесстери жөнүндө жалпы түшунуктөрдү калыптандыруу; - алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны окуп үйрөнүүгө умтулуу.

**исциплинанын негизги билим берүү программанын (НББП) курамындагы орду:** Педагогика дисциплинасы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген (2015-жылдын 15-сентябры, №1179/1) жогорку окуу жайларынын : 550300 филологиялык билим берүү (профили:кыргыз тили жана адабияты) багыты боюнча бакалавр даражасы үчүн кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында, окуу пландарында Б.3.2. коду менен күндүзгү окуу бөлүмүндө 3-семестрде жалпы көлөмү-180саат 6 кредит өлчөмүндө окутулат.

**Пререквизиттер:** Педагогика предметин окуп үйрөнүүдө адабият, тарых, философия, психология предметтеринин түшүнүктөрү негиз болот . Студенттердин орто мектептен алган билимдери,социалдык көндүмдөрү да чоң мааниге ээ.

**Постреквизиттер:** Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүгүн , тарыхын билүү менен педагогикалык процессте окутуунун жана тарбиялоонун теорияларын практикада колдонууга үйрөнүшөт. Педагогика предмети студенттерге келечек кесибине профессиналдык даярдык көрүүгө база болот. Дисциплинанын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар. Компетенциялык корсөткүчтөр: ИК-4, КК-1. Курсту баяндоо:

**Дисциплинасыны окуп бүткөндөн кийин студент ээ болуучу билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр:**

**билет:** - билим берүүнүн негизги баалуулуктарын жана кесиптик ишмердүүлүгүн билүүгө - билим берүүнүн жана педагогикалык ишмердүүлүктүн укуктук ченемдерин үйрөнүүгө - билим берүү процессинин структурасын жана маанисин билүүгө - окутуунун теориясын жана технологиясын үйрөнүүгө - инсандын адеп ахлактык жактан өнүгүүсүн, педагогикалык процесстин субъективдүүлүгүн билүүгө - педагогикалык процесстин саясий-маданий, улуттук- саясий коомдук шарттарды иликтоону же прогрессти чечмелөөгө - агартуучулук ишмердүүлүктун негизин билүүгө - окутуу-тарбиялоо процессинде билим берүүнүн заманбап ресурстарын колдонууга - окуучулардын сабактан тышкары ишмердүүлүгүн уюштурууну үйрөнүүгө - субъектин педагогикалык ар түрдүү кырдаалдарда өз ара таасир этүүсүн чечмелөөгө - кесиптик билим берүү жана машыгууларды өздөштүрүү жөндөмүнө - ар түрдүү жаш курактык психологиялык жана

физиологиялык өзгөчөлүктөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн чечмелөөгө - өзүн- өзү өнүктүрүү жана өзүн-өзү таануунун кесиптик өзгөчөлүгүнө.

**билгичтикке ээ болот:** - Билим берүүнүн жана тарбиялоонун концепцияларын системалуу түрдө талдоого жана тандоого - кесиптик тапшырмаларды аткарууда педагогикалык жана психологиялык диагностиканын усулдарын колдонууга - окуу процессинде, тарбиялоодо, социалдаштырууда ар түрдүү комплексти ( социалдык маданий улуттук) эске алууга - окуучуну өнүгүп өсүүсүн педагогикалык өз ара таасир этүү өзгөчөлүктөрүн эске алууга - инсанга багыттап окутуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутуу-тарбиялоо процессинде заманбап технологияларды колдонуу менен долбоорлорду түзүүгө - максаттуу педагогикалык жана психологиялык коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүүгө - педагогика жана психологиянын ыктарын колдонуу жана жүзөгө ашырууга - укукту бузуунун жана жоопкерчиликсиздиктин алдын-алуу ыкмаларын колдонууга

**көндүмгө ээ болот:** - кесиптик маалымат булактары (журнал, сайт, билим берүү тармактары) менен иштөөгө - билим берүү процессинде өз ара таасир этүүнүн ыкмаларын колдонууга - билим берүүдөгү жаңылануу ишмердүүлүгүн жана долборлоо ыкмаларын колдоно билүүгө - билим берүү чөйрөсүндө саясий-маданий, карым-катнаш жана өз ара таасир этүүнүн ыкмаларын пайдаланууга.

## Б.3.5. Курактык анатомия, физиология жана гигиена

**Дисциплинанын максаты:** Курактык анатомия, физиология жана гигиена дисциплинасы келечектеги окутуучулук кесипти алып жаткан студенттерге, балдардын организминдеги органдардын түзүлүшү жана аткарган функциясын билүү менен, өсүп-өнүгүп жаткан жаш муундардын организминин функционалдык өзгөрүүсүндө ар кандай оорулардан алдын ала чара колдонууну окутуп үйрөнүү менен, келечекте жогорку кесипкй адистерди даярдоо.

**Дисциплинанын милдети:** Организмдиндеги органдардын түзүлүшүн, анатомиялык өзгөчөлүктөрүн, постэмрионалдык өсүп-өнүгүүсүндөгү закон ченемдүүлүктөрүн билип, өспүрүмдөрдүн акыл- ой сезиминин өнүгүүсүндө , дене боюнун өзгөрүүсүн айырмалап , алдын ала чара колдоно алат.

**Дисциплинанын негизги билим берүүчү программанын (НББП) курамындагы орду:** Берилген окуу дисциплинасы “Б.3.3 Кесиптик”негизги билим берүү программасы 550100 бөлүмүнө киргизилген. Педагогикалык билим берүүнүн базалык бөлүмүнө кирет ll курстун lV семестринде өздөшүрүлөт. Берилген диciплинаны өздөштүрүүнүн алдында, студент мектеп курсу боюнча(биология, адам) теориялык негиз керек, ошондой эле адамдын организминин түзүлүшүнүн өзгөзөлүктөрү боюнча жакшы түшүнүк болушу зарыл. План боюнча ll-курс lV-семестр 2 кредит 60 саат

**Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталган:** ЖИК-6, ИК-6, СИЖМК-3, КК-3, КК-9.

**Күтүлүүчү натыйжалар билимге ээ болот:** -организмдин жекече өрчүп-өнүгүүсүндө физиологиялык жана психологиялык өнүгүүсүнүн билим берүү процессинде курактык өзгөчөлүктөрүн билүү. - биологиялык жашын аныктоо критериялары. - мектепте билим берүү тармагын туура уюштуруш үчүн балдардын морфофункционалдык өзгөчөлүктөрүн билип, билимин туура колдонуу жана окутуу.

**билгичтикке ээ болот:** -организмдин жекече өрчүп өнүгүүсүндө физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн айырмалап билүүгө ээ. -алган теориялык жана практикалык билимин окутуу усулун уюштурууда,социалдык педагогикалык жана билим берүү ишмердүүлүгүндө пайдаланат. -азыркы билим берүү процессинде ден-соолукту сактоочу жаңы технологияларды колдонууга ээ.

**көндүмгө ээ болот:** - адамдын ден-соолугуна коркуnуч келтире турган экологиялык ситуацияларга туура баа берип, коопсуздук шарттарга чечим чыгаруучу көндүмгө ээ; -жаш өзгөчөлүктөргө карата (жүрөк,кан тамыр,дем алуу, көрүү ж.б) физиологиялык системалардын ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн аныктоо усулуна ээ; -таблицанын жардамы менен тамактануунун рационун түзө алат.

### Б.3.3. Адамдын жашоо коопсуздугу

**Дисциплинанын максаты:** Адамдын жашоо коопсуздугу дисциплинасы адамдын техносфера менен комфорттук жана коопсуз маамилисин окутуучу илимий билим катары тѐмѐнкщ максатты коздойт: Адамдын жашоо кооптондурган коркунучтарды окутуу жана ар кандай жашоо шартында алардан сактануу чараларын иштеп чыгууну үйрөтүү. **Дисциплинанын миссиясы:** Глобалдуу атаандаштыка жөндөмдүү, жогорку илимий жана кесиптик потенциалга ээ болгон, республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө теориялык жана практикалык салымын кошуучу кесипкөй адистерди даярдоо. **Дисциплинанын милдеттери:** - эмгектенүү жана эс алуу жайларында адамдарга камфорттук шарттарды түзүү; - өндүрүштө (эмгек процессинде) коопсуз жана зыянсыз шарттарды камсыз кылуу; - жагымсыз таасирлерден адамды коргоо чараларын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу; - эмгекчилерди жумуш аткаруунун зыянсыз жана коопсуз ыкмаларына окутуу; - штаттык жана өзгөчө кырдаал шарттарында объектилердин, мекемелердин туруктуу иштешин камсыз кылуу; - окуучуларды жана элди табигый жана техногендик кырсыктардын, массалык кыргын салуучу куралдардын күтүлөн таасирлеринен сактоочу чечимдерди кабыл алуу, ошондой эле калыбына келтирүү чараларын көрүү; - жабырлангандарга алгачкы медициналык жардам көрсөтүү; - кырсыктуу окуяларды териштирүү жана учетко алуу.

